**Б.1.3.10 Тил илимине киришүү жана каллиграфия боюнча практикум**

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:** Тил боюнча негизги курсту угуу үчүн студенттерди алдын- ала даярдоо максатын көздөйт. Ошондуктан бул курс «Киришүү» деп аталбаса керек. Курс жалпы тил илиминин баштапкы бөлүмү, жалпы эле тилдер жөнүндө сөз болгондо керек болгон лингвистикалык түшүнүктөр, маалыматтар, терминдер менен студенттерди тааныштырат.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредит) | Баардыгы (саattарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб иш | | |
| Б.1.3.10 | 2,3 | 6 | 180 | 64 | 32 | | 84 | Зачет, сынак |

**Кыскача мазмуну** Кол жазма сулуулугуна үйрөтүүнүн практикумунун методикасынын теориялык маселелерине курстун жалпы түшүнүктөрү, дидактикалык принциптери, методологиясы, инсанга багыттап окутуунун факторлору сыяктуу маселелер каралат. Кол жазма сулуулугуна үйрөтүүдө ата-бабалардан келе жаткан руханий дөөлөттөргө сиңирилген эне тилдин баалуулуктарын жайылтуу, окуучулардын ой-жүгүртүүсүн өстүрүү, кол жазма сулуулугун калыптандыруу, сүйлөмдү туура, катасыз сулуу жазууну, орфографиялык, пунктуациялык эрежелерди терен үйрөнүүгө, текстти туура көчүрүп жазуу көндүмүн, текст менен чыгармачылык менен иштөөнү, сөз байлыгын кеңейтүү, эркин пикир алмашуу, туура, так сүйлөөгө, жазууга көнүктүрүү жана адабий билимдерин тереңдетүү максатын көздөйт. Курсту өздөштүргөндөн кийин башталгыч мектептеги таза жазуу боюнча билим берүү стандартын, окуу программаларын, окуу китептерин жана методикалык колдонмолорду талдап, алардын ортосундагы байланышты аныкташат. Сабактарга план түзүүнү, көрсөтмө курал даярдоону, сабак өтүүнү билишет.